# Эй, адамдар! Саламыңарды жайылткыла. Ачкаларды тоюндургула! Туугандар менен катташкыла! Түндө башкалар уктап жатканда силер намаз окугула! Ошондо эч жамандыкка учурабай бейишке киресиңер!

Абдуллах бин Салам (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Мадинага келген күнү, адамдардын баары ал келе жаткан тарапка чуркап, бирөө "Аллахтын элчиси келди!" деп үч жолу кыйкырды. Мен дагы эл менен бирге аны көрүүгө чуркадым. Анын жүзү мага даана көрүнгөндө, жүзүнөн дароо эле анын жалган сүйлөбөстүгүн байкадым. Анын айткан сөздөрүнөн эң биринчи укканым ушул болду: "Эй, адамдар! Саламыңарды жайылткыла. Ачкаларды тоюндургула! Туугандар менен катташкыла! Түндө башкалар уктап жатканда силер намаз окугула! Ошондо эч жамандыкка учурабай бейишке киресиңер!"

[Сахих (ишенимдүү)] [Ат-Тирмизи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз Мадинага келгенде анын караанын көргөн адамдар ага бет алып чуркашты. Аны утурлай чуркагандардын арасында жөөттөрдөн Абдуллах бин Салам да бар эле. Ал пайгамбардын жүзүн көргөндө эле ал жүздүн жалган айтпастыгын сезет. Анткени анын жүзүнөн нур, чырай, айбат жана чынчылдыктын белгиси көрүнүп турган. Анын пайгамбардан укан эң биринчи сөзү, адамдын бейишке кирүүсүнө себеп боло турган амалдар жөнүндө айтканы болду. Ала амалдар төмөнкүлөр: Биринчи: саламды жайылтуу, көбөйтүү, тааныган адамга да, тааныбаган адамга да ачык салам айтуу. Экинчи: коноктоп же белек кылып, же садага катары ачка адамдарга тамак берүү. Үчүнчү: ата жагынан болобу, эне жагынан болобу тууганд ык байланышы бар жакын туугандар менен карым-катышта болуу. Төртүнчү: адамдар уктап жатканда түнкү напил намаздарды окуу.